**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 2-октябры, № 15/2 Ылай-Талаа айылы

**Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Шаркыратма айылындагы жаңыдан курулган ФАП мекемесине (маркум) Бекеева Таттыбүбүнүн ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы № 467 сандуу токтому менен бекитилген Жобонун талаптарына ылайык Ылай-Талаа айылындагы № 7 ҮДТнун кызматкерлеринин 2026-жылдын 24-августундагы жалпы жыйынынын № 4, Шаркыратма айылынын тургундарынын жалпы элдик жыйынынын 2026-жылдын 7-сентябрындагы № 2 протоколдорун карап чыгып айылдык кенештин мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча туруктуу комиссиясынын сунушунун негизинде Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1 Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Шаркыратма айылындагы жаңыдан курулган ФАП мекемесине (маркум) Бекеева Таттыбүбүнүн ысымы ыйгарылсын.

2. Бекеева Таттыбүбүнүн ысымы ыйгарылган мекемеге аталыштарын өзгөртүп жаздырып, өз мүмкүнчүлүгүнүн чегинде демөөрчүлүк иш-аракеттерин жүргүзүп туруу жана муктаждыктарына көмөк көрсөтүү жагы уулу Медербек уулу Эламанга милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

4. Токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**